# Өмүр

с. Б. Жамгырчиев
о. Н.Болотбеков

1) Өмүр мени ырдай жазасың,
Наристедей күндө тазасың.
Жолоочумун сырларын каткан,
Ыр дүйнөңдө бара жаткан.

2) Өмүр бизди өргө жетелеп,
Көпөлөктөй мезгил көкөлөп.
Биз келебиз жылдарды сүрүп,
Бирде ыйлап, бирде күлүп.

Кайырма:
Оо тирүүлүк,
Жыргалыңды эми билип,
Жашагым келет,
Ар мүнөттө сени сүйүп.

Өмүр сени ырдап өтөйүн,
Күнүм бүтүп калмайынча.
Көңүлүмдөн жарык өчпөсүн,
Күйүп турчу маңдайымда.

3) Сезим гулдөп өрүк гүлүндөй,
Жашоо менин жаштык сүйүүмдөй.
Биз тирүүбүз, өмүрдө барбыз,
Ушул күндөр кайталангыс.